# Эл уулуна таазим



**Урматтуу агайын-туугандар!**
**Урматтуу Рева Касымовна жана Султан Ибраимовичтин уул-кыздары, тууган-туушкандары!**
**Урматтуу ардагерлер!**

Биз бүгүн кутмандуу Ош жергесинде сиздер менен баарыбыз үчүн жагымдуу жагдайда жолугушуп отурабыз. Бул унутулгус жолугушуубуз айрыкча мааниге ээ. Себеби элибиздин сүймөнчүлүгүнө айланган чыгаан инсан, көрүнүктүү мамлекеттик ишмер Султан Ибраимовдун ажайып айкелин ачуу салтанатына күбө болуудабыз.

Буга чейин деле улуу инсандын атын, жана аруу элесин унутпай сактоо жаатында бир далай иштер аткарылып келген. Ошентсе да маркумдун арбагынын астында, өзгөчө Оштук тургундар да өзүбүздүн бир парзыбызды аткарбай калгандай ар дайым өксүбүз болуп келген. Мына бүгүн ал кемтигибиз толуп, ордолуу Ош шаарында ажайып эстелиги ачылып отурат.

Султан Ибраимов бардык өмүрүн, эмгегин элге арнаган калайык калктын чыныгы кадырына татыган кыргыз элинин даанышман улуу инсаны болуучу. Ошол каргашалуу окуядан бери туура 23 жыл өтүп кетсе дагы анын атын ар бир адам жүрөккө жакын тутуп, эл үчүн эмгек өтөөнүн чыныгы атуулдук үлгүсү катары туюшуп, убакыт канчалык арылаган сайын, анын асыл ысмы ошончолук эл жүрөгүнө жакын сезилип келүүдө. Бул Султан Ибраимовичтин улуттук лидерге айлангандыгынын нагыз белгиси деп ойлойм.

бостон түздөн-түз жетекчилик кылган.

Бийик тоолуу татаал шарттарда Токтогул-Толук, Каракулжа - Алайкуу, Ош - Папан - Кожокелен, Алабука-Чаткал, Жалалабад-Казарман автожолдорунун курулушун бүткөрүүгө жетишти. Султан Ибраимов ар бир ишти баштоодон мурда ал жерге өзү барып көрүп, ынанып анан ишти баштоого уруксат бергенин бүгүн аны менен үзөңгүлөш иштешкен адамдар айтып жүрүшөт.



лигин дагы бир жолу көрсөткөн.

Султан абабыз өз элин, жерин чексиз сүйгөндүгүн иши менен далилдеген тубаса патриот жана интернационалист, кара кылды как жарган калыс, ошол учурда эле демократиялык принциптерди колдоно билген жетекчи, кыргыз элинин даанышман атуулу эле. Султан Ибраимович бир адамга да, миң адамга да бирдей камкордук көргөн, бардык өмүрүн

жүрдүм. Ал кездеги обкомдун 1-катчысы, анан Кыргызстан КПБКнын бюро мүчөсү деген даража өтө жогору, сыртынан сүрдүү сезилчү. Адегенде мени ал кишинин башкаларчылап машинасы менен ооруконанын эшик алдына чейин келбей, тээ сырттан эле жөө басып келгени, анан өзүнүн сыркоосун айтуудан мурда врачтардын ал-аквалын сураган камкордугу таң калтырды.

1975-жылы февраль айында өзүнүн чакыруусу боюнча жеке кабыл алуусунда болгонум менин турмушумда олуттуу өзгөрүүгө көмөк берди. Султан Ибраимов баягысындай эле токтоо мүнөзү, акылдуу көз карашы менен мени жаш адис катары күндөп-түндөп иштөөгө кудуретим жетерин, жоопкерчиликти сезе билеримди кошумчалап айтып анан Майлы-Сай шаардык ооруканасына башкы врач болуп баруумду туура көрүп, ага кандидатурамды сунуш кыла тургандыгын айтты. Чындыгын айтсам мен андай кызмат жөнүндө ойлой элек элем. Султан Ибраимовичтин адамгерчилиги, мага көрсөткөн ишеними мени муютуп, макулдугумду билдирдим.

Мен Майлы-Сайда иштеп жүргөнүмдө да шаардын биринчи катчысы Хлебниковдон менин кандай иштеп жүргөндүгүм жөнүндө сурап-билип жүргөнүн уктум. Кийин Кыргыз ССР Министрлер Советинин Төрагасы болуп иштеп жатканда Оштун аэропортунда жолугушуп калдык. Куду мурдагысындай ал-жайымды, ишимди, ал турсун үй-бүлөмдү сурап, жанымда жүргөн балдарымдын маңдайынан сылап зор адамгерчи-

Хандарды, бектерди, генийлерди аябаган каргашалуу шум ажал кыргыз элинин акылман уулу, кеменгери Султан Ибраимовду да алып кеткенде бүтүндөй жумурай журтубуз кайгырып аза күттүк. Бирок ал киши өзүнүн артында өлбөс-өчпөс из калтырды. Биз Султан Ибраимовичтин эл жетектеген кезинде белге бетеге өстүрүп, сайга көчөт сайып, тоосунда мал, талаасында дан өстүрүп, орун басар кадрларды даярдап, артында калган элине мээнети менен дөөлөтүн сиңирип кеткенине каниет кылабыз.

Урматтуу Рева Касымовна, Сизге чоң ыракмат! Уул-кыздарды тарбиялап окутуп, билимге кесипке ээ кылып үй-бүлөдө баш көз болуп келатасыз. Абабыздын уул - кыздары жаман чыккан жок. Баардыгы жогорку билимге ээ болушуп, ата салтын улантып ар бири Кыргызстандын социалдык - экономикалык жактан өсүшү үчүн өздөрүнүн барандуу салымдарын кошуп келе жатышат.

Тагдыр, туз-насип буюруп мен кайрадан Ошко кызматка келип бир кезде Султан Ибраимов олтурган креслого олтуруп иштеп жатам. Ушул даражага жетишиме ал кишинин салымы зор экенин ойлоп арбагына ызаат кылып, ыраазычылыгымды дайым билдирем.

Ал кишинин басып өткөн жолу, ишмердиги, бизге, бизден кийинки жаштар үчүн өрнөк болуп, жаркын элеси, адамдык чоң асыл сапаттары дайым биздин жүрөгүбүздө сакталып кала бермекчи.

**Н.КАСИЕВ,**
***Ош облусунун губернатору***

❖ ❖ ❖

Бүгүн баарыбыз чогулуп, көрүнүктүү коомдук ишмер, Кыргыз элинин улуу инсандарынын бири Султан Ибраимович Ибраимовдун элибиз үчүн жасап кеткен унутулгус эмгектерин эскерип, отурушубуз маркумга болгон чоң урмат-сый. Элибизде айтылып жүргөндөй улуулар баскан ыйык жолго урпактар дайым таазим кылып, көөнөрбөс тарыхыбызды, маданиятыбызды алардын баскан даңктуу жолдору менен толуктап келген.

Жогоруда айтылгандай Султан Ибраимовичтин жасаган эмгектерине бүгүн тарых өз баасын берип, эл арасында анын мыкты жетекчилиги, саясаттагы алдын ала көрө билген кыраакылыгы, баарыдан дагы айкөл адамгерчилиги, уюштуруучулугу азырга чейин аңыз кеп болуп айтылып жүрөт.

Миңин айтпай, бирин айт демекчи, улуу инсандын өрүкзарлуу Баткен жергесине жасаган бир-эки эле эмгектерине токтолсок, дүйнөдөгү өтө сейрек кездешүүчү сыйымдуулугу 90 млн. кубдук "Төрткүл" суу сактагычын куруудагы, анын көрөгөчтүгү. 70-жылдары пайдаланууга берилген бул "Төрткүл" суу сактагычынын өрүкзарлуу өрөөндүн калкына келтирген пайдасы өтө чоң. Азыр бул аймакта 10 миңден ашык гектарга дыйканчылыктын бардык түрлөрүнөн башка, 3 миң гектардан ашык аянтка өрүк бактары өстүрүлүп, мындагы калайык калкка өзгөчө кирешелерди

